Бекитемин
ЖАКтын директору,
П.и.к., доцент Турдубаева Б.М.
________________
__1__ ______ 2022.

## Жалал-Абад колледжинде өткөрүлгөн конок-лекциялар боюнча отчет

Жалал-Абад колледжинин 08.04.2022-жылдын № 07/ 22-буйрутмасынын негизинде Жалал-Абад колледжинде даярдалып жаткан адистиктердин студенттерин өз тармагындагы өндүрүш менен байланышын кеңейтүү жана иш берүүчүлөрдүн талаптары менен таанышуу,студенттердин келечегинин багыттарын аныктоо максатында, 17 адистик боюнча ар бир ПЦКда конок-лекциялар уюштурулду.Окуу жылынын башында иш-планда бекитилген графикке өзгөртүүлөр киргизилип,лекциялардын мөөнөттөрүндө өзгөрүүлөр болду.Мында ар бир адистик боюнча келген лекторлор өздөрү тандаган темалар боюнча студенттерге лекцияларды окушту жана студенттер менен кеңири пикир алышып,студенттердин суроолоруна жооп беришти. Бул аралыкта студенттер мамлекеттик практикада болуп келгендигине байланыштуу,келген лекторлорго адистик боюнча суроолорду жана сунуштарды айта алышты.Мекеме тарабынан келген лекторлор ар бир суроого жооп беришип,практик катары көп идеялар жана жаңылыктар менен бөлүшө алышты.

2022-жылдын 14-16-апрелинде “Мектепке чейинки билим берүү” адистиги боюнча Г.А.Джурабаева “Балдар менен карым-катнаш жасоо процесси “деген лекциясында 3-курстун студенттери менен биргеликте практикалык сабактарда өткөн ар бир иш-аракетти көрсөтүп бере алды.Ушул эле адистикте 1,2-курстадын студенттери үчүн да конок-лекциялар уюштурулду.К.А.Камчыбекова “Даярдоо тайпаларында ДМЧ балдар менен иштөө” деген лекциясы студенттерде көптөгөн суроолорду жаратты.Мындай көйгөйлөрдү чечүүдө кандай иш-аракеттерди жасоо,бакчадагы бала менен жекече иш алып баруунун жолдору,айрым жайгдайлардан чыгуунун жолдору тууралуу маалыматтарды айтып берүү менен студенттердин суроолоруна жооп берди.




BUT PRACTICE IS A


KNOWLEDGE IS A TREASURE,
BUT PRACTICE IS A KEY TO IT.


KNOWLEDGE IS A TREASURE,
BUT PRACTICE IS A KEY TO IT.

**Дене тарбия адистиги боюнча 18-апрель күнү Алыш күрөш боюнча дүйнөнүн үч жолку чемпиону Ч.Аканов “Улуттук оюндар жана алыш-күрөш оюнунун тарыхы” боюнча 2,3-курстун студенттерине лекция окуу менен биргеликте,алыш-күрөш оюнунун тарыхын жана азыркы учурдагы алыш-күрөш оюнунун коомдогу орду жөнүндө кеңири маалыматтарды айтып,кыргыз улан-кыздарынын спорттогу ордун баса белгиледи.Спортко абдан кызыккан,демилгелүү студенттер агайга суроолорду беришип,тиешелүү жоопторду ала алышты.Лекциянын аягында бүгүнкү лекция студенттер үчүн кызыктуу болгондугу кесиптик,тарбиялык маанси зор экендиги белгиленип,лекторго ыраазычылык кат берилди.**







**2022-жылдын 22,23-апрель күндөрү социалдык иш адистигинин окутуучулары А.Ташматова жана Анарбай кызы Айтпү тарабынан Сузак райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүүбашкармалыгынын үй-бүлөнү колдоо бөлүмүнүнбашчысы Мусаев АбдукеримАучубекович “.“Оор турмуштук кырдаалга кабылган жаш үй-бүлөлөрдүкалыбына келтирүү”деген темада конок-лекция болду.Мында А.АМусаев азыркы учурдагы эң көйгөйлүү болуп жаткан маселелердин бири болгон тема жөнүндө студенттерге кеңири маалыматтарды берди.Социалдык адистикте билим алып жаткан студенттерде бул маалыматтар мамлекеттик практика учурунда болгондуктан жана өзөрү аралашып маалыматтарды алып калгандыктан,кызыфктырган жана олуттуу суроолорго жооопторду ала алышты.Ал эми ушул эле адистиктин 2.3-курстарынаЖалал-Абад шаарындагыДен соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын“Данакер”коомдук бирик**

**месинин төрайымыТарыкчиева Айжамал Мадановна “Майыптыгы бар карылардын социалдык жардамдаралуудагы көйгөйлөрү”деген темада лекция өттү.Мында да студенттер активдүү катышышып,суроолорду беришти жана лектор менен биргеликте демилге көтөрүшүп,майып карыларга колунан келген жардамдарды берүүгө долбоорлорду сунушташты.**






**16-апрелде Жалал-Абад шаарындагы №8орто мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Байкучукова Даанагул Дадабаевна“Класс жетекчинин баланы тарбиялоодо аткарган иш аракеттери”деген темада башталгыч класстарда окутуу адистигинин студенттерине лекция окуду.Бул адистиктин студенттери да мамлекеттик практикада болуп келгендиктен,Д.Байкүчүковага класс жетекчинин иш-аракети,окучуулар менен иштөөдөгү жаңычылдыктары менен бөлүштү жана студенттер тарабынан берилген суроолорго жооп берди.**

**“Окуу керемет”долбоорунун жумушчу тобунун конок –лекциясы 26-апрель күнү башталгыч класстарда окутуу адистигинин студенттери менен болуп өттү..”Окуу керемет”долбоорунун окууу боюнча адиси А.Жусупова долбоордун максат,милдеттери менен таанышт ырды.Долбоордун алкагындагы класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүү боюнча**

**электрондук китептер жана аларды колдонуу ыкмалары жөнүндө Э.Айылчиева презентация жасады.Мындан соң, Жалал-Абад шаарынын №9 Р.Санатбаев атындагы инновациялык мектебинин башталгыч класс мугалими Мамадразакова Бурул жана Сузак районунун №22 А.П. Гайдар атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин башталгыч класс мугалими Маматкулова Арзыкан долбоор сунуштаган стратегияларды пайдаланып мастер класс өтүп беришти. Аягында студенттерди кызыктырган жана түйшөлткөн суроолорду чакырылган жумушту топко берип, кызыктуу талкуу болду, ошондой эле Жалал-Абад колледжинин жетекчилиги тарабынан келген жумушчу топко ыраазычылык каттар тапшырылды.**





**20-апрель күнү чет тили адистигинде болсо,ОшМУнун эл аралык билим берүү программалары колледжинин чет тили бөлүмүнүн окутуучулары Рахимова Гульгена Абдуллаевна,Жумабаева Алтын Таштановна,АбдуматоваСофия Нуралиевна Оценивание,виды,формы""Компетентостный подход в обучении,личностно-ориенти рованное обучения","Инновационные стратегии обучения" деген темада лекцияларды өтүп беришти.Лекторлор ар бир тема боюнча слайд,видео-роликтерди даярдап келишип,студенттер менен практикалык иштерди алып барышты.Бул лекциялар жогорку деңгээлде уюштурулуп,студенттер практикалык сабак болгондуктан бардыгы активдүү катышышты.Ошондой эле темалар боюнча студенттер тарабынан берилген суроолорго ар бир лектор жооп берип,лекциялар кызыктуу болуп,студенттер көп**

маалыматтарды ала алышты.Чет тили адистиги боюнча келген лекторлор мындай кызматташууну ушул менен токтотуп койбостон,жаңы окуу жылында да улантышарын баса белгилешти.










**26-апрель күнү Автоматташтылыган системаларды жана эсептөө техникасын программ алык камсыздоо адистиги боюнча Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университетинин ЖАМУнун сайтын түзгөн,иштеп чыгуучу Орунбай уулу Нурсейит "Заманбап web дизайндын тренддери",ал эми "Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу" адистигиненКыргыз телеком " ААК Жалал-Абад областтыкмаалыматтык-техникалык камсыздоо группасынын Ноокен райондук филиалынын директоруЖумагулов Н.М "Кыргызстанда тармактык технологиялардын орду" деген темада лекцияларды окушту.Азыркы учурда технологиянын өтө тездик менен өсүп-өнүгүп жаткандыгы ,жаңы маалыматтарды туура ,так жеткирүүдө бул адистиктин коомдогу орду жөнүндө кеңири маалыматтар айтылды.Лекторлор заманбап wev дизайнддын тренддерин атап,аларды туура,так колдоно билүүгө багыттарды айтышты жана азыркы учурдагы тармактык технологиялардын орду,аларды колдоно билүүнүн жолдору тууралуу маалыматтарды бере алышты.Бул адистикте билим алып жаткан студенттер өздөрү кызыккан суроолорго жоопторду ала алышты.**

**26-апрель күнү "Электр менен камсыздоо(тармактарбоюнча),электр станциялары,тармактар жана системалар"адистигинин студенттерине ,Жалал-Абадэлектро ААКнун ыкчам тескөө бөлүмүнүн башчысы Бокошов Асылбек "Кыргызстандын электр энергиясынын өнүгүүсү"деген темада лекция өттү.Мында азыркы учурдагы**

**Кыргызстандагы электр энергиясындагы жаңылыктар,өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар айтылып,студенттер тарабынан берилген суроолорго жооптор берилди.**










**19-апрель күнү Тигүү буюмдарын конструкциялоо, моделдештирүү технологиясы адистигинде болсо,“Сезим Тилек”тигүү цехинин башчысы Апсалиева Айдай “Кичи шаардагы тигүү өндүрүшүнүн жетишкендиктери жана көйгөйлөрү” деген темада лекция өттү.А.Апсалиева эжеке биздин окуу жай менен тыгыз иш алып барат.Иш берүүчү практикага барган студенттердин жол карталары менен дагы тааныштыг бар экендигин айтып өттү.Мында сөзсүз иш берүүчүнүн да талаптары эске алынса деген сунуштарын кошумчалады.Окуу жайдын студенттери сабактын сырткары учурда да,мекеме менен тыгыз иш алып барса боло тургандыгын белгилеп өттү.**

 

**20-апрелде ветеринария адистигинде болсо,Жалал-Абад шаардык ветеринардык жана фитосанитардык башкармалыгынын башчысыШерматов Нурлан Токтакунович “Антрпозоондук ылаңдар” деген темада лекция өтүп,студенттердин суроолоруна жооп берди.ЖАМУнун ветеринардык медицина кафедрасынын ага окутуучусу С.Момунжанов ветеринария адистигинин өзгөчөлүгүн белгилеп, Жалал-Абад шаардык ветеринардык жана фитосанитардык башкармалыгы менен окуу жай тыгыз кызматташтыкта иш алып бараарын айтты. Анын далили Жалал-Абад колледжинин студенттери өндүрүштүк, мамлекеттик практикаларын ушул мекемеде өтөгөндүгү деди. Иш берүүчү менен баарлашуу учурунда негизги көйгөйлөрдүн бири катары айыл жерлеринде ветеринардык адистердин жетишсиздиги айтылды. Студенттер лекторго ветеринария багытында кызыктырган суроолорду берип, жоопторду алышты.**






**27-апрелде болсоөзгөчө кырдаалдарда коргонуу,ӨКМдин Жалал-Абад обл асты боюнча башкармалыгынын кадрлар бөлүмүнүн башкы адиси, полковникАтабеков Таалайбек Айтышович “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигин өздүк курам менен толуктоонун шарттары” деген темада лекция өттү.Ал эми “Автомобиль унааларды техникалык тейлөө жана оңдоо “ адистиги боюнча Жалал-Абад шаардык ич ки иштер бөлүмү боюнча ЖККБнын улук инспектору, милициянын улук лейтенантыМаматов Урматбек Абдуллаевич “Жол кыймылынын коопсуз дугун жана эрежелерин бузуу боюнча анализдөө.(Кыр гыз республикасы жана Жалал-Абад шаарынын мисалында).Бул лекцияда У.А.Маматов “Автомобиль унааларды техникалык тейлөө жана оңдоо “ адистигинин студенттерине жол кыймылынын коопсуздугун туура сактоону жана жол эрежелерин бузбоо жөнүндө маалыматтарды берди жана студенттер кызыккан суроолорго жооп берди.Жыйынтыгында социалдык өнөктөшүбүзгө окуу жайдын жетекчилиги тарабынан ыраазчылык кат тапшырылды.**





 

**20-апрель күнү салык салуу адистигинин студенттерине Сузак районудк МСКнын атайын салык режимдери бөлүмүнүн башчысыМусаев Тынчтыкбек Абдыкеримович“Патенттин негизиндеги салык” деген темада лекция өтүп берди.Мында 2,3-курстун студенттери менен биргеликте экономика ПЦКсынын окутуучулары да толук катышышты.**
**19-апрелде финансы (тармактар боюнча )адистигинде болсо,МНУнун ага окутуучусу Маматова Асел Назарбаевна “Мамлекеттик кредит алуу жолдору жана өндүрүштүкмекемеде туура пайдалануу”-деген темада лекция өтүп берди.2,3-курстун студенттери толук катышышты.Бул лекция ушул адистикте билим алып жаткан студенттер үчүн пайдалуу маалыматтар менентолукталды жана өздөрү кызыккан суроолорго жоопторду ала алышты.**






**28-апрелде болсо бухгалтердик эсеп адистигинде Аннур Эдукаре окуу борбор унун директору Оторбаев Улан“Документтердин ролу,мааниси жана бөлүнүшү”деген темада лекция окуп,студенттер тарабынан берилген суроолорго жооп берди жана студенттерге документтер менен иштөөдө тактык керек экендигин баса белгилдеи.Андыктан,практикага барган учурда мекеме тарабынан жургүзүлгөн ар бир иш кагазга кылдаттык менен мамиле жасап,аын жазылышы,толтурулушу боюнча маалыматтарды алып жана өз учурунда туура жазууга көнүгүүгө багыт берди.**
**3-июнь күнү укук таануу адистигинин студенттерине Сузак райондук адвокаттар коллегиясынын адвокаты Б.Т.Ниязалиев Жазык процесуалдык предметинен “Аппелациялык жана кассациялык даттануулар” деген темада конок-лекция өтүлдү.**

 

**Жалал-Абад колледжи боюнча 17 адистик боюнча бардык адистиктерде жыл башында иш-планда белгиленген конок-лекциялар график жана ЖАКтын 08.04.2022-жылдын № 07/ 22 буйрутмасынын негизинде өз учурунда жана белгиленген мөөнөттө толук өтүлдү жана койгон максаттарына жете алды.Анткени,мекеме тарабынан келген иш берүүчүлөр азыркы учурдун жана студенттердин талабына ыңгайлуу темаларды тандап алышкан.Ошондой эле ар бир адистик боюнча келген лекторлор өз кесибинин мыкты ээси катары кызыктуу лекцияларды өтө алышты жана студенттерди кызыктырган суроолорго жооп беришт.Ар бир адистик боюнча келген лекторлорго адистиктердин окутуучулары,админстрациядан өндүрүштүк окуу иштери боюнча директордун орун басары Ү.Т.Кайкиева катышып,ЖАКтын директору п.и.к,доцент Б.М.Турдубаева жана жетекучилик тарабынан даярдалган "ырааазычылк каттар" тапшырылды.**

**Мындай конок-лекцияларды ушул менен эле жыйынтыкталбастан,жаңы окуу жылында жаңы форматта улантылат.Ар бир адистиктин окутуучулары жана студенттери иш берүүчүлөр менен алакабызды мындан дагы бекемдейбиз деген ишеничтебиз.**